УДК 368+35.08+35.087.4

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КАМСЫЗДАНДЫРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПРОБЛЕМАЛАРЫ
# ОСНОВНЫЕ ПРОБЛЕМЫ В РАЗВИТИЕ СТРАХОВОЕ ДЕЛО В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# THE MAIN PROBLEMS IN DEVELOPMENT OF INSURANCE IN KYRGYZ REPUBLIC

***Мергенбаева А. – ЖАМУ, Аксы колледжи***

***Аннотация:*** *Кыгыз Республикасында камсыздандыруунун өнүктүрүүнүн негизги максаттары калктын, уюмдардын жана мамлекеттин камсыздандыруу коргоосуна муктаждыктарын канаатандыруу чараларын иштеп чыгуу.*

***Аннотация:*** *Главные цели в развитие страховое дело в КР разработать основные планы и удовлетворить потребность народа, предприятие и зашита государственное страхование.*

***Annotation:*** *The main aim of development of insurance in Kyrgyz Republic and to develop the main plans and satisfy needing of people, company and protection of state insurance.*

***Ачкыч сөздөр:*** *инвестиция, ресурс, резерв, фактор, ссуда, реконструкция, субсидия, потенциалдуу, лицензия, актуарий, полис, ипотека, транш.*

***Ключевые слова:*** *инвестиция, ресурс, резерв, фактор, ссуда, реконструкция, субсидия, потенциальный, лицензия, актуарий, полис, ипотека, транш*

***Key words:*** *investment, resource, factor, loan, reconstruction, grant, potential, license, actuary, police, mortgage, tranche.*

Кыгыз Республикасында камсыздандыруунун өнүктүрүүнүн негизги максаттары калктын, уюмдардын жана мамлекеттин камсыздандыруу коргоосуна муктаждыктарын канаатандыруу чараларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу болуп саналат, алар ишкердик ишти кеңейтүүнүн жана мамлекеттин экономикасын өнүктүрүү үчүн узак мөөнөтүү инвестициялык ресурстарды топтоонун түрткү берүүчүсү болуп саналат.

Бул максаттарга жетишүү үчүн төмөнкүдөй милдеттерди чечүү керек:

- Кыргыз Республикасындагы камсыздандыруу базарын андан ары өнүктүрүү
- камсыздандыруу ишин мамлекеттик жөнгө салуу жана көзөмөлдөөнүү өркүндөтүү
- камсыздандыруунун топтомо түлөрүнүн механизмдерин пайдалануу менен узак мөөнөттүү инвестицияларга калктын жыйнаган акчаларын которууга түрткү берүү үчүн өбөлгөлөрдү түзүү
- камсыздандыруунун ыктыярдуу жана милдеттүү түрлөрүн өнүктүрүүгө көмөк берүүчү мыйзамдык, ченемдик жана методологиялык базаларды өкүндөөү
- камсыздандыруу уюмдарынын финансылык туруктуулугун жана капиталдашынын өсүшүн камсыз кылуу
- улуттук камсыздандыруу индустриясынын туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн чыңдоо жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен максаттуу иш жүгүзүү аркылуу калктын камсыздандыруу маданиятын жогорулатуу
- кайра камсыздандыруу жана бирге камсыздандыруу механизмдерин өркүндөтүү

Кыргыз бизнесинин кыйла ыкчам өнүгүп келе жаткан чөйрөсүнүн бири камсыздандыруу болуп саналат. Камсыздандыруу кызматы базарындагы операциялар уламдан улам өсүп жатат. Ошого карабастан төмөнкүдөй факторлор камсыздандыруунун өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип жатат.

- жарандардын жана юридикалык жактардын камсыздандыруу кызматтарына болгон акы төлөө жөндөмдүүлүгүнүн жана суроо талаптарынын учурдагы деңгээлинин төмөндөгү камсыздандырууну талаптагыдай өнүктүрүүгө көмөк бербейт.

- камсыздандыруу резервдерин узак мөөнөткө жайгаштыруучу ишенимдүү финансылык куралдардын жетиштүү көлөмүнүн жоктугу жана жергиликтүү компаниялардын баалуу кагаздарынын кирешелүүлүгүнүн төмөндөгү камсыздандыруу компанияларына камсыздандыруу резервдерин кыйла натыйжалуу инвестициялоого мүмкүнчүлүк бербей жатат

-камсыздандыруу продуктуларын жана кызматтарын алуу маселелери боюнча потенциалдуу керектөөчүлөрдүн камсыздандыруу маданиятынын деңгээлинин жетишсиздиги камсыздандыруучу коргоо механизмдерин пайдаланууну жана өнүктүрүүнү чектөөдө

-камсыздануучулардын милдеттүү камсыздандыруу мыйзамдарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн таасир тийгизүүчү административдик чаралардын жоктугу камсыздандыруу компанияларынын мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылуусуна мүмкүндүк бербей жатат.

-лицензиясы бар актуарийлердин жоктугу камыздандырууну резервдеринин, камсыздандыруу тарифтеринин эсептерин жүргүзүүгө, актуардык иш жаатында консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө мүмкүндүк бербей жатат.

Мамлекеттик камсыздандыруу уюму ААКнын төрайымы Жумагүл Эгамбердиева Шариповна, ушул кызматка келер замат республиканын дээрлик бардык облустарын кыдырып, аймактык жетекчилер менен жолугушуп, алардан элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө жардам берүүлөрүн өтүнгөндүгүн, буга чейин деле брошюралар чыгарылып, роликтерди тартып, жарандар менен жолугушуу, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп келгендигин айтып, ошого карабай элди камсыздандыруу өнөктүгүнө жапырт тартуу абдан кыйын болууда деп өз оюн билдирген. Чынында, айрыкча быйылкы Чоң-Алайдагы жер титирөө, Өзгөндөгү жер көчкү элибиз үчүн коңгуроо, эскертүү болду. Өкмөттүн 2007-жылдын 8-майындагы №155 «Кыргыз Республикасынын аймагында болгон табигый кырсыктардан жабыркаган адамдардын жеке менчик турак үй куруусуна жана реконструкциялашына мамлекеттик субсидияларды берүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу жабыр тарткан жарандарга ӨКМ тарабынан бериле турган 200,0 миң сом өлчөмүндөгү ссуда жана 50,0 миң сомдук бир жолку акысыз мамлекеттик субсидия берүү токтотулду. Токтомго байланыштуу жарандар табигый кырсыктардан жана өрттөн жабыр тарткан турак жайын ондоп түздөөгө каражат алуу үчүн Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунан өз турак жайын камсыздандырып коюуга милдеттүү экенин калк арасына жайылтуу негизги маселе. Ал эми элди коопсуз жайларга көчүрүү үчүн жер бөлүп берүү милдети жергиликтүү бийликтерге тагылган. Барган сайын элибиз камсыздандыруунун зарылдыгын аздан болсо да түшүнүп бара жаткандыгы байкалууда. Мисалы, былтыркы жылдын 1-февралынан баштап, 31-декабрына чейин жалпысынан 10 миң 813 жаран турак жай үчүн камсыздандыруу полисин алган. Бул сумма 8 млн. 640 миң 800 сомду түздү.

Баарыбыз жаратылыш кырсыгынын бетин ары кылсын деп тилейбиз. Бирок, кырсык болуп кетсе камсыздандыруу компаниясы аларга 7 млрд. 401 млн. ашык сом төлөп берүүгө туура келет. . Андан тышкары, өлкө аймагындагы өрттөн, шамалдан, селден жабыр тарткан полиси бар жарандар да жардам алышууда. Мына ушундай мисалдардан улам элде камсыздандыруу компаниясына туруктуу ишеним калыптанып бара жатат. Анткени, 2017-жылдын январь айынан баштап, 30-июнга чейинки мөөнөттө 20 миң 275 жаран өз турак жайын камсыздандырышкан. Жогорудагы келтирилген сандарды

салыштырсак, үйдү камсыздандыруу эки эсеге көбөйгөнү байкалууда. Азыркы күндө облустук, райондук жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө жардам берип жатышат. Ушундан улам камсыздандыруу уюмдары жаңыча иштөө ыкмасын сунуштап жатат . Айыл элинин жагдайын ошол айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жакындан билип, абдан жакшы тааныйт эмеспи. Ушуга байланыштуу айыл өкмөтүндө иштеген жооптуу катчы, социалдык кызматкер же салык адиси болобу, айтор, мына ушул контингент менен келишим түзүлсө. Алар камсыздандыруу уюму менен пландуу, сабаттуу жана туруктуу кызматташып туруусу ишти илгерилетет деген тилек бар.

Үйдү камсыздандыруу үчүн болгону эки гана документ керек. Ал – үй ээсинин паспорту жана турак жайга тиешелүү документтер. Жарандарыбыздын көбүндө мына ушул документтер толук болбогондуктан камсыздандыруу иштерине кедергисин тийгизүүдө. Бир жагынан караганда Мамлекеттик камсыздандыруу компаниясы социалдык долбоордун милдетин аткарып жатат. Мисалы, турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу эрежелеринде жана КР 2016-жылдын 2-февралындагы №49 «Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндөгү актыларды бекитүү жөнүндө» токтомунда бекитилгендей калктын социалдык аярлуу катмарларына, Улуу Ата Мекендик согуштун, Афганистан согушунун ардагерлерин, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды (1-2 топтогу майыптарды), Чернобыль АЭСиндеги кыйроонун кесепетинен жабыркаган жарандарды , аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү ж.б. бир нече категориялар боюнча жарандар бекер камсыздандырылып жатат. Элге жеңилдик болсун деп мындай социалдык багыттагы чечимди мамлекет башчысы, Өкмөт жана парламент биригип кабыл алышкан. Ал эми жарандарыбыздын өзүн жана автоунааларын камсыздандыруу иштери өтө жай жүрүүдө. Күн сайын жол кырсыктары катталып жатканына карабай, жүргүнчүлөрдү ташуучу автоунааларды камсыздандырууда көйгөй көп. Буларга тиешелүү мыйзамдарда кайра карап чыгуучу жагдайлар бар. Өз өмүрүн камсыздандырууга мигранттарыбыз да көңүл бурушпайт. Бүгүнкү күндө биз Россия Федерациясынын “Росгосстрах” компаниясы менен кызматташууну жолго коюлуп жатат. Чет мамлекеттеги мигранттарыбыз дагы ар кандай кырсыктарга туш келген учурда коргоого муктаж. 2016-жылы үйлөрү түрдүү кырсыктардан жабыр тарткан 7 жаранга төлөм жүргүзүлдү. Ошондой эле 2017-жылдын башынан бери камсыздандыруу полиси бар 43 жаран жардам алды.

Белорусиянын камсыздандыруу тажрыйбасынан мисал келтирсек, аларда совет мезгилинде системалуу жолго салынып калган камсыздандыруу ишмердүүлүгү ушул күнгө чейин токтобой иштеп келүүдө. Ал эми Кыргызстан эгемендүүлүк алып, союздук байланыштар үзүлгөндө бул иш токтоп калган болчу. Аларда МАИ токтотткондо машине үчүн же жаран ооруканага түшкөндө жарандын өзү үчүн камсыздандыруу полисин дароо сурайт. Үйдүн камсыздандыруу полиси жок болсо сатууга уруксат берилбейт. Үйүн күрөөгө коюп кредит алуучуларга дагы ушундай эле талап коюлат. Айтор, камсыздандыруу полиси милдеттүү документ болуп калыптанып калган.

2007-жылдын 8-майындагы № 155 «Кыргыз Республикасынын аймагында болгон табигый кырсыктардан жабыркаган адамдардын жеке менчик турак үй куруусуна жана реконструкцияланышына мамлекеттик субсидияларды берүү үчүн мамлекеттик ипотекалык сертификаттарды чыгаруунун жана берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү тууралуу токтомуна 2016-жылдын 27-декабрында Премьер –министр С. Жээнбеков кол койгон.Бул өзгөртүү киргизилген токтомго ылайык, жаратылыш кырсыктарынан жабыркаган турак жай үчүн жарпандарга ӨКМ (МЧС) тарабынан бериле турган 200,0 мин сом өлчөмүндө

ипотекалык ссуда жана 50,0 миң сом өлчөмүндөгү бир жолку акысыз жана кайтарылгыс мамлекеттик субсидия берүү токтотулат.

Бул токтомго өзгөртүү киргизүүнүн бирден бир себеби «Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу болуп саналат. 2017-жылдын 1-январынан тартып ӨКМ тарабынан табигый кырсыктан жабыркаган үй-бүлөлөрдүн тизмесин түзүү токтотулат. Токтомго өзгөртүүлөр киргизилгенге чейинки тизмеге кирген жарандарга субсидия транш менен берилет. Турак үй курууга биринчи транш алган жабыркаган адамдар бир жылдын ичинде пайдубал куруу боюнча отчет бербесе, аларга кийинки транштарды алуу мүмкүнчүлүгү берилбейт.

Камсыздандыруу каражаты өрт(жалындын, түтүндүн), анын ичинде камсыздандырылган турак жайдан сырткары чыккан өрт кырсыгы болгон учурда, өрттү өчүрүү боюнча мыйзамдуу аракеттерди жасоонун натыйжасында суунун турак жайга киришинен, күчү 6 балл жана андан жогору болгон жер титирөөдөн , таш кумду агызган селден, дарыя ташкынынан, суу сактагычтардын жарылып суунун каптоосунан, жер көчкүдөн турак жай жабыркаган учурда төлөнүп берилет. Ал эми турак жай көрсөтүлгөн багытта колдонулбаса, аскерий аракеттерден, массалык баш аламандыктан, иш таштоолордон, массалык толкундоодон, өзөктүк куралдан жабыркаса, камсыздандырууу мыйзамында белгилегендей, камсыздандырылган турак жайга камсыздандыруу суммасы төлөнүп берилбейт.

Кыргызстан камсыздандыруу боюнча коңшулардан кыйла эле артта калды. Бир эле мисал, автоунаа ээлеринин жүргүнчүлөр алдындагы жоопкерчилигин камсыздандыруу Казакстанда, Өзбекстанда, ал түгүл жарандык согушту баштан өткөргөн Тажикстанда да милдеттүү түрдө эчак эле киргизилген.

Жаңырган жылдан тарта бардык мамлекеттик эмес уюмдар өздөрүнүн кызматкерлерин өндүрүштөгү кырсыктардан милдеттүү түрдө камсыздандырууга тийиш. Бирок бюджеттик каражаттын тартыштыгынан улам мамлекеттик уюмдар үчүн бул милдеттүү болуп каралган эмес. Ошол эле учурда милдеттүү түрдө камсыздандыруу мыйзамдарын аткарбагандар үчүн административдик жаза да каралган эмес.

Жеке адамдар зарылдыктан улам негизинен медициналык камсыздандырууга гана катышууда. Өлкөдөн сырткары саякатка чыккандар үчүн медициналык камсыздандыруу талап кылынат, ал жок болсо, көп өлкөлөрдүн элчиликтери виза бербей коюшат.

Камсыздандыруунун калган түрлөрүнө жарандардын катышуусу бирин-серин гана , кызыгуу дээрлик жок.

Камсыздандыруу маданиятынын жоктугу ар кандай кырсыктан, тобокелдиктен сактануу чараларын көрүүгө түздөн-түз таасир берүүдө. Коркунучтар тобокелдиктер бар учурда камсыздандыруу зарыл маселе. Мындай маданият жок учурда аны жаратуу машакаттуу иш болуп жатат.

Камсыздандырууга калктын активдүү катышпай жаткандыгынын дагы бир себебин адистер жакыр турмуштан да көрүшөт. Үйүндө наны жок отурган үй-бүлөлөр үчүн камсыздандырууну ойлоп да коюшпайт.

Милдеттүү жана ыктыярдуу катышкандар биринчи кезекте чет элдик компаниялар болууда. Анткени инвесторлор Кыргызстанда иш баштап жатып, ар кандай кырсыктан жана коркунучтан камсыздандырууну биринчи кезекте ойлонушууда.

Кыргызстанда камсыздандыруу тармагында бүгүнкү күндө 15 компания иштейт. Бирок алардын ичинен киреше таап өнүгүү жолунда баратканы аз санда.

Кыргызстанда эки жолу революция болгондо талоонго учурап, бүлүнүп-чачылган көп дүкөндөр, ишканалдардын зыянын эч ким төлөп берген эмес, анткени камсыздандыруу

болгон эмес. Бирок, азыр деле революция, массалык тополоң, талап-тоноодон камсыздандырууга бир да компания милдет албайт экен. Анткени, Кыргызстан эл аралык уюмдардын баасы боюнча дагы эле тобокелдик көп тооруган, туруктуу эмес өлкөлөрдүн тизмесинде турат.

Республика аймагында турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу ишин жайылтуу максатында Мамлекеттик камсыздандыруу уюму бир нече банк жана ишканалар менен агенттик келишим түзүү жолу менен ийгиликтүү иш алып бара жатат. Ар бир жаран төмөндөгү мекемелерге кайрылып өз турак жайын камсыздандыра алат.

Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун өнөктөштөрү :

«Айыл банк» ААК, «РСК Банк» ААК, «ДосКредобанк»ААК, «АзияБанк»ААК, «Капитал Банк»ААК, «Банк Компаньон» ЖАК, ААК «Бакай банк», «Кыргыз почтасы» МИ.

Эгерим жергебизде кырсык болбосун, эч кимдин үйү бузулбасын деп, жараткандан тилек кылабыз. Бирок, жаратылыш кырсыктары айттырбай келет экен. Жыл башынан бери республиканын түштүгүндөгү жер көчкүдөн отузга жакын адам шейит кетти. Жер титирөөдөн үйлөр жарактан чыкты. Чатырларда жашап калган жарандарыбыз үчүн жүрөк зыркырап кетет экен. Эгерде Кыргызстандын бардык жарандары үйлөрүн камсыздандырып коюшса, андан түшкөн каражат мына ушундай кыйналган журтташтарыбыз үчүн бери дегенде соопчулук болсо деле жаман эмес. Андыктан, камсыздандырууга кайдыгер карабаганыбыз оң.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Т. Р. Баялиева Экономика Бишкек, 2012
2. Белика Ю.А. Краткий экономический словарь
3. Д.Бектенова Финансы, акча жүгүртүү жана кредит
4. З.. Д. Искакова Экономикс микро жана макроэкономика
5. Руденков И. А. Страховое дело 2014-г
6. М. А.Зайцева, Л.Н. Литвинова, А.В.Урупин, учебное пособие Страховое дело
7. М. В. Мазаева учебное пособие Страховое дело М-2017
8. Скамай Л.Г. Страховое дело М-2017
9. Белика Ю.А. Краткий экономический словарь М-1987